MC.DEC/3/18
7 December 2018

KYRGYZ
Original: ENGLISH

**Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму**
**Министрлер кеңешинин жыйыны,**
**Милан шаары, 2018-жыл**

**Министрлер кеңешинин жыйырма бешинчи жыйынынын экинчи күнү**
№ 2 протоколдун күн тартибиндеги жетинчи маселе

# № 3/18-ЧЕЧИМ
# ЖУРНАЛИСТТЕРДИН КООПСУЗДУГУ

Министрлер кеңеши,

1975-жылдагы Хельсинкинин Корутунду актысында жана 1990-жылдагы Адам өлчөмү боюнча ЕКККнин (Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча кеңешменин) Копенгагендеги жолугушуусунун документинде чагылдырылган сөз эркиндигине, жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине жана маалыматтын эркин агымына байланыштуу ЕККУнун бардык тиешелүү милдеттенмелерин кайрадан ырастап, катышуучу мамлекеттер сөз эркиндигине болгон укук пикирлерди эркин кармануу укугун, ошондой эле мамлекеттик органдардын кийлигишүүсүз жана чек араларга карабастан, маалыматты жана пикирлерди алуу жана таратуу эркиндигин камтый тургандыгын ырасташканын эске алып,

Ар бир адам Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 19-беренесине жана Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын (ЖСУЭП) 19-беренесине ылайык, ой-пикир жана сөз эркиндигине укуктуу экендигин, ошондой эле бул укук демократиялык коомдун негизги пайдубалдарынын бири жана анын өнүгүшүнүн жана прогрессинин негизги шарттарынын бири болуп саналарын эске алып,

Ошондой эле ой-пикирин эркин билдирүү укугун чектөө мыйзамда каралган жана ЖСУЭПтин 19-беренесинин 3-пунктунда көрсөтүлгөн негиздердин бири боюнча зарыл болгон учурларда гана мүмкүн экенин эске алып,

1991-жылдагы ЕКККнын (Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча кеңешменин)  Адам өлчөмү боюнча конференциясынын Москвадагы жолугушуусунун документинде белгиленгендей, көз карандысыз жалпыга маалымдоо каражаттары эркин жана ачык коом үчүн, ошондой эле башкаруунун отчеттуулугуна негизделген системалар үчүн маанилүү экендигин жана адам укуктары менен негизги эркиндиктерди коргоодо өзгөчө роль ойной тургандыгын ырастап,

Журналистика менен технологиялардын өнүгүшү коомдук талкууга өбөлгө түзөрүн, ошол эле учурда журналисттердин коопсуздугуна коркунуч келтирүүчү тобокелдиктердин чөйрөсүн кеңейтиши мүмкүн экендигин таанып,

Бириккен Улуттар Уюмунун 2030-жылга чейинки Туруктуу өнүгүү күн тартибинде белгиленген тиешелүү Туруктуу өнүгүү максаттарына жана милдеттерине жетишүүдө журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуунун жана аларды коргоонун маанилүүлүгүн эске алып,

Журналисттик иш журналисттердин өздөрүн жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн зомбулукка, ошондой эле коркутууларга жана куугунтуктоолорго, анын ичинде санариптик технологияларды колдонуу аркылуу дуушар кылышы мүмкүн экендигин, мунун натыйжасында журналисттер өз ишин улантуудан баш тартышы же өздөрүн цензуралоого же ишмердигин чектөөгө аргасыз болушу мүмкүн экендигин таанып,

Журналисттерге карата негизсиз чектөө чараларын колдонуу алардын коопсуздугуна коркунуч келтириши, коомчулукка маалымат берүүсүнө тоскоолдук кылышы жана мунун натыйжасында алардын өз оюн эркин билдирүү укугун ишке ашыруусуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн экендигине тынчсыздануу менен көңүл буруп,

1991-жылдагы ЕККнын Адам өлчөмү боюнча конференциясынын Москвадагы жолугушуусунун документинде белгиленгендей, өз аймагындагы жалпыга маалымдоо каражаттары чет өлкөлүк жаңылык жана маалымат кызматтарына чектөөсүз жетүүгө тийиш экендигин, ал эми коомчулук да мамлекеттик органдардын кийлигишүүсүз жана чек араларга карабастан, анын ичинде чет өлкөлүк басылмалар жана чет өлкөлүк берүүлөр аркылуу маалыматты жана пикирлерди алуу жана таратуу эркиндигине ээ экендигин, ошондой эле бул укукту ишке ашырууга коюлган бардык чектөөлөр мыйзамда белгиленүүгө жана эл аралык стандарттарга ылайык келүүгө тийиш экендигин ырастап,

Журналисттердин жеке жашоосуна негизсиз же мыйзамсыз кийлигишүүдөн корголуу укугунун бузулушу жана бул укукту кыянаттык менен пайдалануу алардын коопсуздугуна коркунуч жаратышы мүмкүн экендигине тынчсыздануу менен көңүл буруп,

Журналисттердин коопсуздугуна байланыштуу адам укуктарынын бардык бузулушуна жана кыянаттык менен пайдаланылышына, анын ичинде алардын кесиптик ишин басаңдатууга же токтотууга багытталган адам өлтүрүүгө, кыйноого, мажбурлап дайынсыз жоготууга, негизсиз камакка алууга, кармоого жана өлкөдөн чыгарууга, коркутууга, куугунтуктоого, ошондой эле физикалык, укуктук, саясий, технологиялык же экономикалык мүнөздөгү ар кандай коркутууларга терең тынчсыздануу менен көңүл буруп,

Аял журналисттердин  кесиптик ишине байланыштуу, анын ичинде санариптик технологияларды колдонууда дуушар болушу мүмкүн болгон өзгөчө тобокелдиктерине тынчсыздануу менен көңүл буруп, аял журналисттердин коопсуздугун мүмкүн болушунча жогорку деңгээлде камсыз кылуунун, ошондой эле алардын тажрыйбасын жана көйгөйлөрүн натыйжалуу эске алуунун маанилүүлүгүн баса белгилеп,

Журналисттердин шайлоолорду чагылдырууда, атап айтканда, талапкерлер, алардын шайлоо алдындагы программалары жана өтүп жаткан дебаттар жөнүндө коомчулукка маалымат берүүдө өзгөчө маанилүү ролун таанып, ошол эле учурда ушул

ишине байланыштуу алар дуушар болушу мүмкүн болгон коркутууларга жана зомбулук аракеттерине олуттуу тынчсыздануу менен көңүл буруп,

Журналисттик иликтөөлөрдүн маанилүүлүгүн, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын куугунтукка же өч алууга дуушар болуудан коркпостон журналисттик иликтөөлөрдү жүргүзүп, алардын жыйынтыктарын, анын ичинде интернетте жарыялай алышы коомдо, анын ичинде мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын өз иш-аракеттери үчүн жоопкерчилигин камсыз кылууда маанилүү роль ойной турганын таанып,

Журналисттердин кесиптик ишине доо кетирүүгө багытталган максаттуу кампаниялардын күчөп, коомчулуктун журналистикага болгон ишенимин төмөндөтүп жаткандыгына тынчсыздануу менен көңүл буруп, мунун натыйжасында журналисттерге карата коркутуулар жана зомбулук коркунучу күчөшү мүмкүн экенин таанып,

Ошондой эле саясий лидерлер, мамлекеттик кызмат адамдары жана/же мамлекеттик органдар журналисттерди коркуткан, журналисттерге коркунуч келтирген, журналисттерге карата зомбулукту колдогон же мындай зомбулукту айыптабаган учурларга тынчсыздануу менен көңүл буруп,

Журналисттердин коопсуздугуна, айрыкча террордук топтордон жана кылмыштуу уюмдардан келип чыккан коркунучтун күчөп баратканына терең тынчсыздануу менен көңүл буруп,

Ошондой эле санариптик доордо журналисттердин коопсуздугуна байланыштуу өзгөчө тобокелдиктер бар экендигин, анын ичинде журналисттердин хакердик чабуулдарга, мыйзамсыз же негизсиз аңдууга жана билдирүүлөрдү мыйзамсыз же негизсиз кармап калууга өзгөчө аялуу экендигин, мунун баары алардын өз оюн эркин билдирүү укугун жана жеке жашоого мыйзамсыз же негизсиз кийлигишүүдөн корголуу укугун ишке ашыруусуна тоскоолдук кылышы мүмкүн экендигин баса белгилеп,

Катышуучу мамлекеттер журналисттерге карата жасалган бардык кол салууларды жана куугунтуктоолорду айыптай тургандыгын, ошондой эле 1994-жылы Будапештте өткөн ЕККНын саммитинде белгиленгендей, мындай кол салуулар жана куугунтуктоолор үчүн түздөн-түз жооптуу адамдарды жоопкерчиликке тартуу брюнча күч-аракеттерди  жумшай тургандыгын кайрадан ырастап, ошондой эле журналисттерге каршы жасалган кылмыштар үчүн жоопкерчиликке тартуу келечекте мындай кол салуулардын алдын алуунун негизги элементтеринин бири экендигин таанып,

Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан жарыяланган 2-ноябрда белгиленүүчү Журналисттерге каршы кылмыштар үчүн жазасыз калууну токтотуунун эл аралык күнүн (IDEI) белгилөөнүн маанилүүлүгүн баса белгилеп,

Өкмөттөрдүн, мыйзам чыгаруучу органдардын жана сот бийлигинин журналисттер үчүн коопсуз эмгек шарттарын түзүүдө жана алардын коопсуздугун камсыз кылууда маанилүү роль ойной тургандыгын, анын ичинде журналисттерге каршы кылмыш жасаган бардык күнөөлүү адамдарды коом алдында айыптоо жана

жоопкерчиликке тартуу аркылуу бул ролду аткара аларын таанып, журналисттерге карата жасалган зордук-зомбулук аракеттеринин жазасыз калып жаткандыгына тынчсыздануу менен көңүл буруп,

Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин 1738 (2006) жана 2222 (2015) резолюцияларын эске алып, бул резолюцияларда куралдуу кагылышуулар болуп жаткан кырдаалдарда журналисттерге, жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкерлерине жана алар менен байланышкан кызматкерлерге карата жасалган бардык укук бузуулар жана кыянаттык менен пайдалануу учурлары айыпталганын, ошондой эле куралдуу кагылышуулар болуп жаткан аймактарда кооптуу кесиптик милдеттерди аткарып жаткан журналисттер, жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкерлери жана алар менен байланышкан персонал, эгерде алар жарандык адамдар катары макамына терс таасир этүүчү эч кандай аракеттерди жасабаса, жарандык адамдар катары каралууга жана корголууга тийиш экендиги белгиленгенин эске алып, катышуучу мамлекеттерди:

1. Сөз эркиндигине жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине байланыштуу ЕККУнун бардык милдеттенмелерин, ошондой эле өздөрүнүн эл аралык милдеттенмелерин толук аткарууга, анын ичинде чек араларга карабастан маалыматты издөө, алуу жана таратуу эркиндигин урматтоого, колдоого жана коргоого;

2. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине байланыштуу өз мыйзамдарын, саясаттарын жана практикаларын эл аралык милдеттенмелерине жана кабыл алган милдеттенмелерине толук ылайык келтирүүгө, ошондой эле журналисттердин өз ишин көз карандысыз жана негизсиз кийлигишүүсүз аткаруу мүмкүнчүлүгүн чектеген мыйзамдарды, саясаттарды жана практикаларды кайра карап чыгууга жана зарыл болгон учурда жокко чыгарууга же өзгөртүүгө;

3. Журналисттерге карата жасалган бардык кол салууларды жана зомбулук аракеттерин, анын ичинде адам өлтүрүүнү, кыйноону, мажбурлап дайынсыз жоготууну, негизсиз камакка алууну, негизсиз кармоону жана негизсиз өлкөдөн чыгарууну, коркутуп-үркүтүүнү, куугунтуктоону, ошондой эле алардын кесиптик ишин басаңдатууга жана/же кеңселерин негизсиз мажбурлап жабууга багытталган физикалык, укуктук, саясий, технологиялык же экономикалык мүнөздөгү ар кандай формадагы коркутууларды, анын ичинде куралдуу кагылышуулар болуп жаткан кырдаалдарда, ачык жана чечкиндүү түрдө айыптоого;

4. Аял журналисттерге алардын кесиптик ишине байланыштуу жасалган бардык кол салууларды, анын ичинде сексуалдык мүнөздөгү куугунтуктоону, кыянаттык менен мамиле кылууну, коркутуп-үркүтүүнү, коркутууларды жана зомбулук аракеттерин, анын ичинде санариптик технологияларды колдонуу аркылуу жасалган мындай аракеттерди, ачык жана чечкиндүү түрдө айыптоого;

5. Негизсиз камакка алынган же кармалган, барымтага алынган же мажбурлап дайынсыз жоголгон бардык журналисттерди токтоосуз жана эч кандай шартсыз бошотууга чечкиндүү чакырууга;

6. Журналисттерге каршы жасалган кылмыштардын жазасыз калышын жоюу үчүн натыйжалуу чараларды көрүүгө жана келечекте мындай кол салуулардын жана зомбулук аракеттеринин алдын алуунун негизги элементи катары күнөөлүү

адамдардын жоопкерчиликке тартылышын камсыз кылууга, анын ичинде укук коргоо органдары тарабынан журналисттерге карата жасалган зомбулук аракеттерин жана коркутууларды ыкчам, натыйжалуу жана калыс иликтөөнү камсыз кылууга, ошондой эле бардык күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартууга жана жабыр тарткан адамдардын тиешелүү укуктук коргоо каражаттарына жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга;

7. Саясий лидерлерди, мамлекеттик кызмат адамдарын жана/же бийлик органдарын журналисттерди коркутуп-үркүтүүдөн, аларга коркунуч келтирүүдөн же журналисттерге карата жасалган зомбулукту колдоодон баш тартууга, ошондой эле журналисттер дуушар болушу мүмкүн болгон тобокелдиктерди же коркунучтарды азайтуу, журналисттердин ишенимдүүлүгүнө карата коомдук ишенимге шек келтирбөө, ошондой эле көз карандысыз журналистиканын маанилүүлүгүн урматтоону камсыз кылуу максатында мындай зомбулукту ачык жана чечкиндүү түрдө айыптоого;

8. Журналисттердин шифрлөө жана анонимдүүлүк технологияларын пайдалануусуна негизсиз же мыйзамсыз кийлигишүүдөн, ошондой эле мыйзамсыз же негизсиз аңдуу ыкмаларын колдонуудан баш тартууга, мындай аракеттер журналисттердин адам укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө тоскоолдук кылып,, аларды зомбулукка кабылуу жана коопсуздугуна коркунуч келтирүү тобокелдигине дуушар кылышы мүмкүн экендигин белгилеп;

9. Мамлекеттик органдарды жана укук коргоо органдарын журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуунун зарылдыгы жөнүндө маалымдуулукту жогорулатууга жана тиешелүү окутууга катышууга үндөөгө, ошондой эле зарыл болгон учурларда жарандык коомду мындай иш-чараларга тартууга көмөктөшүүгө;

10. Мүмкүн болгон учурларда журналисттерге карата жасалган кол салуулар жана зомбулук аракеттери жөнүндө маалыматтарды чогултуу, талдоо жана алар жөнүндө отчет берүү боюнча улуттук системаларды түзүүгө же иштеп жаткан системаларды чыңдоого;

11. Жалаа жабуу жөнүндө мыйзамдарда журналисттердин коопсуздугуна коркунуч келтириши жана/же журналисттерди иш жүзүндө цензурага дуушар кылып, алардын коомчулукка маалымат берүү миссиясын аткаруусуна тоскоолдук кылышы мүмкүн болгон ашыкча санкциялардын же жазалардын каралбашын камсыз кылууга, ошондой эле зарыл болгон учурда мындай мыйзамдарды катышуучу мамлекеттердин адам укуктары боюнча эл аралык укуктагы милдеттенмелерине ылайык кайра карап чыгууга жана жокко чыгарууга;

12. Журналисттерди коргоого багытталган колдонуудагы укуктук базаны, ошондой эле ЕККУнун бардык тиешелүү милдеттенмелерин натыйжалуу ишке ашырууга;

13. ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү менен, анын ичинде журналисттердин коопсуздугу маселеси боюнча толук кызматташууга;

14. ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүн өзүнүн мандатына ылайык ЕККУга катышуучу бардык мамлекеттерде журналисттердин коопсуздугун жактоо жана илгерилетүү боюнча ишин улантууга чакырат.

KYRGYZ
Original: ENGLISH

# ЕВРОПАДАГЫ КООПСУЗДУК ЖАНА КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН РЕГЛАМЕНТИНИН IV.1(А)6-ПУНКТУНА ЫЛАЙЫК ТҮШҮНДҮРМӨ БИЛДИРҮҮ

Австриянын делегациясы Европа Биримдигине төрагалык кылган мамлекет катары сөздү Европа Биримдигинин өкүлүнө берип, ал төмөнкүдөй билдирүү жасады:

«Журналисттердин коопсуздугу жөнүндө ушул чечимдин кабыл алынышына байланыштуу, Европа Биримдигинин жана ага мүчө мамлекеттердин, Албаниянын, Канаданын, мурдагы Югославия Республикасы Македониянын, Украинанын жана Черногориянын атынан ЕККУнун Регламентинин IV.1(A)6-пунктуна ылайык төмөнкүдөй түшүндүрмө билдирүү жасайм:

Биз журналисттердин коопсуздугу боюнча актуалдуу маселеде ЕККУнун жана ага катышуучу бардык мамлекеттердин аракеттерин күчөтүүгө өбөлгө түзөт деп эсептеген бул маанилүү чечимдин кабыл алынышын кубаттайбыз.

БУУнун Адам укуктары боюнча комитети өзүнүн № 34 Жалпы комментарийинде белгилегендей, журналистика — кеңири чөйрөдөгү субъекттер тарабынан жүзөгө ашырылуучу ишмердик. Журналисттерди коргоо боюнча аракеттер расмий түрдө журналист катары таанылган адамдар менен гана чектелбестен, ошондой эле кеңири аудиторияга жетүү үчүн жаңы медианы пайдаланган көмөкчү персоналды жана «жарандык журналисттер», блогерлер, социалдык тармактардагы активисттер жана укук коргоочулар сыяктуу башка адамдарды да камтышы керектигин ачык чагылдырган терминология боюнча бир пикирге келе албаганыбызга өкүнөбүз. Бул Европа Биримдигинин позициясы болуп кала берет.

Биз ошондой эле бул маселе боюнча ЕККУнун чечимдеринин эл аралык стандарттарга, анын ичинде Бириккен Улуттар Уюму тарабынан кабыл алынган тиешелүү резолюцияларга, атап айтканда, 2018-жылдын 27-сентябрындагы Адам укуктары боюнча кеңештин 39/6-резолюциясына жана 2017-жылдын 19-декабрындагы Башкы Ассамблеянын 72/175-резолюциясына толук ылайык келишинин маанилүүлүгүн баса белгилейбиз. Ушуга байланыштуу консенсуска жетишүү мүмкүн болбогонуна өкүнөбүз.

Урматтуу төрага, бул билдирүүнү чечимге тиркөөнү жана ошол күндүн журналына киргизүүнү өтүнөм».

KYRGYZ
Original: ENGLISH

# ЕВРОПАДА КООПСУЗДУК ЖАНА КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНУН РЕГЛАМЕНТИНИН IV.1(A)6-ПУНКТУНА ЫЛАЙЫК ТҮШҮНДҮРМӨ БИЛДИРҮҮ

Америка Кошмо Штаттарынын делегациясынан атынан:

«Биз журналисттердин коопсуздугун жана сөз эркиндигин чечкиндүү колдойбуз. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү жана коомчулук тарабынан сөз эркиндигин жүзөгө ашырууга, анын ичинде ар кандай маалыматтарды жана идеяларды издөөгө, алууга жана таратууга болгон эркиндикке коюлган ар кандай чектөөлөр мамлекеттердин Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын (ЖСУЭП) 19-беренесине ылайык алган милдеттенмелерине шайкеш келүүгө тийиш экендигин дагы бир жолу баса белгилейбиз. Аталган берене катышуучу мамлекеттерди өз аймагында жайгашкан жана алардын юрисдикциясына караган бардык адамдардын сөз эркиндигине болгон укугун урматтоого жана камсыз кылууга милдеттендирет. Ушуга байланыштуу, «эл аралык стандарттар» деген шилтемени биз дал ушул милдеттенмелерге шилтеме катары түшүнөбүз. 1991-жылы Москвада өткөн ЕККнин Адам өлчөмү боюнча конференциясынын Документиндеги жоболордун кайрадан ырасталышын биз ошол жыйында каралган маселелердин контекстинде түшүнөбүз».

Рахмат.

Урматтуу төрага, бул билдирүүнү чечимге жана ошол күндүн журналына тиркөөнү өтүнөбүз».